**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУ**

ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ **Д.07.16.528**

Кол жазма укугу:УДК:
352.075.2:97.1.(575.2)

**РЫСКУЛОВ ТИМУР АЗИЗБЕКОВИЧ**

# РСФСРдин БШКнын Президиумуна караштуу Кыргызстандын Москвадагы өкүлчүлүгү 1924-1927-жж.

## АВТОРЕФЕРАТ

тарых илимдеринин кандидаттыгы окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн

Бишкек – 2016

Диссертациялык иш КР ТИМ К.Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиянын Дүйнөлүк саясат жана эл аралык мамилелер кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин доктору, профессорКурманов Зайнидин Карпекович

**Расмий оппоненттер**: т.и.д. Усупова Н.С.
к.и.н., доцент Исманов Т.К.

**Жетектөөчү мекеме** И.Раззаков атындагы КМТУ Философия жана социалдык илимдер кафедрасы

Диссертациялык ишти коргоо 28.10.2016-жылы , саат 14.00.

Д.07.16.528 диссертациялык кеңештин тарых илимдеринин кандидаттыгы даражасын изденип алуу үчүн диссертациялык кеңеш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы КР Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданият институтунда 720026, Бишкек ш. Раззакова 51 дарегинде болот.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы КМУнун китепканасында 720026, Бишкек ш. Раззакова 51 дарегинде таанышууга болот.

Автореферат “__” _____ 2016ж. жиберилди.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы Курбанова Н.У**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Иштин актуалдуулугу.** Бүгүнкү күндө ата мекендик тарыхый маалыматтардын өнүгүшү жана тарыхый булактар жөнүндөгү илимде келечекте илимий изилдөөнү талап кылган бир кыйла маанилүү маселелер бар. Мындай маселелердин жарыкка чыгышы, өлкөбүздүн басып өткөн жашоосунун тарыхын олуттуу толуктай алат, ошондой эле, тарых илиминдеги боштуктарды толуктоого мүмкүндүк берет.

РСФСРдин БАКынын Президиумуна караштуу Кара-Кыргыз автономдуу облусунун туруктуу өкүлчүлүгүнүн түзүлүшү жана анын ишмердүүлүгү, өлкөбүздүн өнүгүшүнө кошкон салымы илимий жана документтик базаларды тереңдетүүгө жана кеңейтүүгө муктаж болгон маселелердин бири. Бул теманы изилдөө кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүнө байланыштуу кыргыз улутунун жана улуттук саясий элитанын, саясий-мамлекеттик институттарынын түзүлүшү менен кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүнө байланыштууКыргызстандын тарыхынын маселелерине жана суроолоруна жооп табууга мүмкүндүк берет. 1924-1927жж. мезгилинде Москвадагы өкүлчүлүк ишмердүүлүгүн изилдөө - өз кезегинде жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө республикада болуп өткөн кайра өзгөрүү жолдоруна байкоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Мамлекеттик башкаруучулук аппараттын түптөлүшү республиканын фискалдык-салыктык жана бюджеттик тармактарынын түзүлүшү, жаңы социалисттик принциптерде чарбалык-экономикалык системалардын пайда болушу буга мисал болот. Буга Кыргызстандын мамлекеттик тышкы административдик чек аралардын курулушу, элдик билимдин, саламаттыкты сактоо жана маданий курулуш, жана башка системалардын уюштурулушу, ж.б. кирет.

Фактыларга жана илимий мамилеге негизделген конкреттүү тарыхый абалды түшүнүү, анын өзгөчөлүгү, тарыхый процесстин тандалып алынган бөлүгүндө өткөн мезгилдин ар кандай окуялары жөнүндө обьективдүү жана күтүлбөгөн корутундуларды чыгарууга мүмкүнчүлүк түзөт. Жана биздин күнгө чейинки соңку жылдардагы окуяларга байланыштуу себеп-натыйжаларын да ачып көрсөтөт. Мына ушул өңүттө өкүлчүлүктүн ишмердүүлүгүн изилдөө менен ошол учурдагы тарыхый абалды карап чыгууга аракет кылдык. Советтик типтеги жаңы улуттук, мамлекеттик билимди түптөө, жана өнүктүрүү кандай шартта жүргүзүлгөн. Борбор менен болгон ич ара мамилесин, Москвадагы кыргыз өкүлчүлүгүнүн жана республиканын кызыкчылыгын федералдык, союздук денгээлге көтөрүп, Советтик Кыргызстандын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон өкүлчүлүктүн алгачкы жетекчиси Турдалы Токбаевдин өкүлчүлүктөгү ролун ачууга аракет жасадык.

Турдалы Токбаевди өзүнүн көп кырдуу ишмердүүлүгү менен Кыргызстан, Россия, жана жалпы Советтик союз элдеринин ортосундагы достукту бекемдөө боюнча негизги байланыштыруучу звено деп атаса

болот. Мамлекеттик ишмердин инсандык жүзүнө жаңыча көз менен кароого болот.

**Изилдөөнүн обьектиси:**1924-1927 жж. РСФСРдин БАКнын Президиумунун алдындагы Москвадагы Кыргызстан өкүлчүлүгү.

**Изилдөөнүн предмети:**1924-1927 жж. РСФСРдин БАКынын Президиумунун алдындагы Москвадагы Кыргызстан өкүлчүлүгүнүн полномечиелүү ишмердүүлүгү жана аны уюштуруу тарыхы.

Бул иш эки тарыхый теманы изилдейт.

Биринчиси – өкүлчүлүктү уюштуруу ишмердүүлүгүнө байланыштуу.

Экинчиси - Советтик Кыргызстандын мамлекеттик коомдук ишмер жана Республиканын Москвадагы биринчи өкүлү Турдалы Токбаевдин инсандык өзгөчөлүгүнө байланыштуу.

Аталган ар бир маселе илимий иштелгени жагынан ар кандай даражага ээ: Турдаалы Токбаевдин инсандыгы Кыргызстандын мамлекеттик ишмери катары ата мекендик тарых илими аркылуу жетиштүү деңгээлде өз баасын алды. Бирок, чындыгында республиканын өкүлчүлүгүнүн жетекчиси катары Т.Токбаевдин ролу көп ачылган эмес. Республиканын тарыхында ККАОнун өкүлчүлүгүнө байланыштуу дээрлик өкүлчүлүк ишмердүүлүгүн, анын өлкөбүздүн өнүгүш тарыхында кошкон салымы жана ролун ачып берген эч бир эмгек жок.

Эреже боюнча өткөн кылымдын 20-жылдарындагы Кыргызстандын тарыхы боюнча бир гана Т.Токбаевдин өкүлчүлүктүн биринчи жетекчиси болуп дайындалгандыгы жөнүндө, өкүлчүлүктүн ачылышы жана анын функциялары жөнүндө эскерилет.

**Биринчи историографикалык топко** - өткөн кылымдын 20-30-жылдарындагы Кыргызстандагы жогорку советтик жана партиялык органдары - Кара-Кыргыз облревком, КАО, Кыргыз АССРинин БАК жана ЭКК, Москвадагы ББАКтын алдындагы Кыргызстан өкүлчүлүгү,Ташкенттеги экономикалык өкүлчүлүктөрдүн түзүлүшү жана өнүгүшүнүн тарыхына арналаган ата мекендик авторлордун монографиялары жана эмгектери түзөт.

Советтик жана азыркы доордогу кыргыз тарыхчыларынын жана коом таануучуларынын эмгектеринде Ж.Малабаевдин (113), А.Джунушевдин (71), А.Жуманалиевдин (66), З.Курмановдун (96,99), Т.О.Ожукеевдин (206), С.А.Смадиярованын (207), А.С.Бегалиеванын (198) ж.б. эмгектеринен 20-30-жылдардагы Кыргызстандын жогорку советтик жана партиялык органдарынын түзүлүшү, өнүгүшү жана ишмердүүлүгү жөнүндө маселелер каралат. Ушуну менен катар, ББАКтын алдындагы өкүлчүлүктүн жана анын ишмердүүлүгүнүн поблематикасы аталган авторлордун эмгектеринде республиканын мамлекеттик курулушунун контекстинде гана жалпы чагылдырылган.

1993-жылы жазылган С.А.Смадиярованын диссертациясында 1924-1936-жылдардагы Кыргызстандагы мамлекеттик аппараттынын пайда болуу жана өнүгүү тарыхы кенен каралган. Анда республиканын бийлигиндеги жогорку органдардын өнүгүү этабы жана Кыргыз

АССРинин ББАК жана ЭККге чейинки Кеңешчилердин областтык Ревком жана аткаруу комитети көрсөтүлгөн. Ошондой эле өлкөнүн чарбалык, финансылык, транспорттук жана социалдык органдарынын уюштурулушу жана ишмердүүлүгү чагылдырылган. Мындан тышкары, автор өзүнүн ишинде Москвадагы жана Орто Азияда Ташкенттеги өкүлчүлүгү темасын козгогон. Ошону менен катар, эки өкүлчүлүктүн түзүлүшү, функциясы, республиканын мамлекеттик органдарынын структурасындагы орду жана ролу көрсөтүлөт. Өзүнүн ишинин максаты жана милдетинен чыгып, Кыргызстандагы мамлекеттик бийликтин институттарынын өнүгүш жолдору жалпы каралат. Автор Москвадагы өкүлчүлүктүн ишмердүүлүгүнүн бардык аспектилерин карап чыгуу туурасында максат койбойт, ошону менен бирге аны уюштуруу шарттары, ишмердүүлүгү, жетекчиликтин мүнөздөмөсү, иштеги ийгиликтер жана жетишпестиктер сыяктуу жана башка маселелер каралбаган.

Он жылдан соң А.С.Бегалиевдин изилдөөсүндө Кыргыз автоном областынын Кеңеш аткаруу комитетинин ишмердүүлүгү чагылдырылган. Ошондой эле, Москвадагы Кыргызтандын өкүлчүлүгү темасы козголгон. Анын ишинде өкүлчүлүккө Кеңешчилердин областтык аткаруу комитетинин бир бөлүгү катарында гана көңүл бурулган. Бирок, ошондой эле С.А.Смадиярованын ишиндегидей, бул изилдөөдө да өкүлчүлүктүн ишмердүүлүгү, анын жетишкендиктери жана иштеги кыйынчылыктары жөнүндө каралган эмес.

**Экинчи историографикалык топко**. Совет мезгилинин жана азыркы учурдун авторлорунун көрүнүктүү мамлекеттик ишмер Турдаалы Токбаевдин ишмердүүлүгүнө жана жеке жашоосуна арналган тарыхый-публицистикалык мүнөздөгү макалалары жана адабий жанрдагы китептери түзөт. Биз бул жерде Москвадагы республиканын биринчи өкүлүнүн ишмердүүлүгүн изилдөөдөгү хронологиялык тизмегин көрсөтүп берүүгө аракет кылдык.

Туруктуу өкүл Турдалы Токбаевдин инсандыгын жана ишмерлигин изилдөө боюнча историографиялык жаатта бул маселенин маанилүү даражада иштелгенин белгилөөгө болот. Т.Токбаевдин аты жана сиңирген эмгеги өткөн жылдын 30-жылдардын ортосундагы жана аягындагы репрессияланып кеткен республиканын көрүнүктүү мамлекеттик башка ишмерлери сыяктуу эле узак убакыт бою унутта калтырылган, ошон үчүн элдин эсинде калган эскерүүлөрү аркылуу тарыхтагы аттарды калыбына келтирүү менен байкоо салуу кызыктуу болот. Өз кезегинде мындай ретроспективдүү байкоо салуу козголуп жаткан маселенин историографиясына ылайык келет.

20-кылымдын 70-жылдарынын биринчи жарымында көрүнүктүү жазуучу жана акын Аалы Токомбаевдин “Биз солдат элек” аттуу повести кыргыз тилинен орус тилине которулуп, басылып чыгарылат [146]. Ушул повесттин барактарында Турдалы Токбаевдин аты кезигет, анда ал кыргыз жаштарына революциянын байрагынын астында элинин жакшы жашоосу үчүн күрөшүүгө чакырып жалындуу сөздөрдү сүйлөйт. А.Токомбаев

өзүнүн чыгармасында чындыгында да 1924-жылы Туркестан АССРинин эл агартуу комиссарынын орун басарынын кызматында иштеп жаткан Кыргызстандын тарыхый мамлекеттик ишмери Турдалы Токбаевди кошкону өтө чоң кызыгууну жаратат, анткени ошол кезде башка репрессиялангандар менен катар Москвадагы республиканын биринчи туруктуу өкүлүнүн атын айтууга тымызын тыюу салынган болчу. А. Токомбаев кыргыз советтик интеллигенциянын өкүлү катары өзүнүн чыгармаларынын каарманы кылып, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө чоң салым кошкон инсандардын аттарын тарыхта калтырууну туура көргөн экен.

1977-жылы Кыргызстандан жана Казакстандан эки окумуштуу-архивисттер С. Бегалиев менен В.Алиханов Турдалы Токбаевге арналган макаланы жарыялашкан [171]. Макалада биринчи өкүлдүн өлкө жана эл алдындагы өтөгөн эмгегин белгилөө менен тарыхый адилеттүүлүктү калыбына келтирүүгө аракет жасалган. Конкреттүү мисалдар менен анын Москвада иштеп тургандагы жасаган эмгектери көрсөтүлгөн. Макала өтө абайлоо менен анча мынча “кырларды” жымсалдоо менен жазылган, анткени ошол мезгилдин кичине “тынчып” калганына карабастан, республиканын биринчи мамлекеттик ишмерлеринин аттары дагы да болсо тымызын тыюуда эле.

Жарандардын Кыргызстандын 20-30-жылдардагы тарыхына катуу кызыгуусу кайра куруу мезгилинде күчөдү. 1988-жылдан тартып, суверенитетке ээ болгонго чейин басма сөздө көптөгөн авторлордун С. Бегалиевдин [172], З.Курмановдун [182,183,184,185], Ш.Бейшеналиевдин [175], Дж.Джунушалиевдин [176], Д.Парчуковдун [192], А.Тузовдун [195], И.Семеновдун [193] жана башкалардын тоталитаризмдин курмандыктары болгон, кыргыздын алгачкы мамлекеттик ишмерлери: И.Айдарбековдун, Ю. Абдрахмановдун, Х. Джиенбаевдин, К. Шоруковдун, Т. Джолдошевдин, А. Орозбековдун, Э. Эсенамановдун, О. Алиевдин, М.К. Аммосовдун, М.Л. Белоцкийдин ж. б. өмүрүнө жана ишмерлигине арналган макалалары жарык көрдү.

Ошол эле мезгилде С.И. Бегалиев Турдалы Токбаев жөнүндө кеңири макаланы жарыялаган [172], анда биринчи туруктуу өкүлдүн татаал тагдыры, анын мамлекеттик ишмерлиги, массалык репрессия жылдарындагы анын камалышы жана кайгылуу өлүмү тууралуу ачык жана жандатпастан тике баяндалган.

Мамлекеттик көз карандысыздыкка ээ болуу менен ата мекендик тарыхка кызыгуу жана айрыкча 20-30-жылдар боюнча илимий изилдөөлөр күчөдү. Дал ушул мезгилде Абдыкерим Сыдыковдун өмүрүнө жана тагдырына арналган макалалар жыйнагы жарык көргөн. Анда 70 жыл мурунку окуялар жаңыча өңүттө каралат, республиканын мамлекеттик жана партиялык ишмерлерине, алардын ичинен Турдалы Токбаевдин ишмерлик жолуна жаңы саясий баа берилет [94].

**Изилдөөнүн булактары:**Ишти изилдөөдөКыргыз Республикасынын ЦГА фонддору, ошондой эле, ЦГАнын саясий документтери пайдаланылды. Ошондой эле поблематиканы изилдөөгө бир катар Кыргызстандын, Орто Азиянын жана Россиянын ошол доордогу саясий ишмерлери да киргизилди. Мындан тышкары автор Россиядагы улуттук өкүлчүлүк институтуна арналган интернет булактарындагы электрондук маалыматтар да пайдаланылды. Ишти жазууда пайдаланылган булактарды эки топко бөлүүгө болот.

**Биринчи топко** фонддор жана респубикалык борбордук архив материалдар түзөт. Негизинен, 1246 КР ЦГА фонду бүт 1924-жылдан 1930-жылга чейинки БАК Президиумунун алдындагы Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн ишмердүүлүгүнө (10-30) арналган.Көрсөтүлгөн мезгил боюнча фонддордун ишинде өкүлчүлүктү уюштуруу, калыптандыруу тарыхы боюнча баалуу маалыматтар бар. Иштин материалдарында өкүлчүлүктүн ишмердүүлүгүнө тиешелүү кенен маалымат камтылган. Областтык органдардан Москвага, Москвадан областтык органдарга өкүлчүлүк алган көп сандагы отчеттор, пландар аркылуу республиканын алдына коюлган экономикалык, социалдык, саясий жана маданий мүнөздөгү маселелердин чечилиши Моквадагы өкүлчүлүк тарабынан көзөмөлдөнгөнүн, ошондой эле бул ишмердүүлүк ийгиликтүү болгонун аныктоого болот. Мындан тышкары, биз пайдаланган 20ЦГА КР фонду Ревкомдун жана Кыргызстан Кеңешинин облустук аткаруу комитетинин ишмердүүлүгүнө арналган, ошондой эле БАК Президиумуна караштуу республиканын өкүлчүлүгүнүн ишмердүүлүгү боюнча кызыктуу материалдар сакталып калган.

ЦГА ПД 10 (23,24) фондуөткөн кылымдын 20-жылдарындагы Кыргызстандын саясий жашоосу жөнүндө баалуу маалыматты өзүнө камтып, өз мезгилинде кийин республикадагы болуп өткөн окуяларга реалдуу күч жумшалганын жана бул субьектилердин таасиринин деңгээлин аныктай турган партиялык жана советтик органдардын өз ара мамилелеринин жабык аспектилерин көрсөтүп берет.Бул фонддун материалдарынан ар кандай аттандаш партиялык топтогу негизги саясий ишмерлердин саясий тиешесин билсе болот. Мындан тышкары, бул фонддо партиялык текшерүүчү комиссиянын берген мүнөздөмөлөрүнөн автобиографиясынан турган өздүк делосу бар.

**Экинчи топко**1937-жылга чейинки бөлүнгөндөн кийинки мезгилдеги Советтик Кыргызстандын улуттук-мамлекеттик курулушуна арналган 20-жылдагы,50-60 жана 70-80 жылдары чыккан архивдик документтер жыйнактарын (1-9) киргизүүгө болот. Жыйнактарга Кыргызстандын советтик жана партиялык органдарынын көптөгөн документтери киргизилген. Ал документтерде БАК Президиумуна караштуу Кыргызстандын Москвадагы өкүлчүлүгүнө тиешелүү бир канча документтер тиркелген: өкүлчүлүк жөнүндо жобо, анын ишмердүүлүгү боюнча бир нече отчеттук докладдар. Дал ушул жыйнак бар болгон үчүн, анын үстүнө документтерде чыгыш кагаздардын жана архивдик

фонддордун номерлери менен көрсөтүлүп, изилдөөчүлөрдө бул маселени тереңден изилдегенге шарт түзүлдү.

**Изилдөөнүн методологиялык базасы**историзм менен обьективизмдин принциптери болуп эсептелинет. Ошондой эле иште автор тарабынан салыштырма, биографиялык, статистикалык, саясий жана башка жеке-илимий методдор колдонулду. Бардык аталган методдор гуманитардык изилдөө чөйрөсүндө кенен пайдаланылган, жалпы кабыл алынган ыкмаларды жана методдорду белгилейт.

**Изилдөөнүн хронологиялык алкагы**1924-жылдан, 1927-жылга чейинки доорду өзүнө камтыйт. Кыргыз АССРиндеги ККАО түзүлгөнгө чейинки мезгилдеги БАК Президиумуна караштуу Москвадагы Кара-Кыргыз АОнун өкүлчүлүгү түзүлгөн мезгил.

**Изилдөөнүн максаты жана милдети.** 1924-1927 жж. РСФСРдин БАКнын Президиумуна караштуу Москвадагы Кыргызстан өкүлчүлүгү ишмердүүлүгүнө комплекстүү анализ жүргүзүү диссертациянын негизги маскаты болуп эсептелинет.

Максатын аныктоо менен диссертант төмөндөгү маселени чечүүгө аракет кылды.

- Мамлекет катары бөлүнүп, кыргыз автономиясы түзүлгөн мезгилден баштап Москвада ККАО өкүлчүлүгү уюштурулганга чейинки тарыхый абалды мүнөздөө;
- ККАО Москвадагы өкүлчүлүгү борбордук ведомстволордо, мекемелерде жана башка федералдык жана союздук уюмдарда иштеп чыккан экономикалык, чарбалык, саясий, социалдык жана маданий чөйрөдөгү маселелерди белгилөө;
- ККАО менен КАССР өкүлчүлүгүнүн иштеринин иштөө жолдору жана өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү: облустук жана борбордук мекемелердин, жана башка уюмдардын ортосундагы өкүлчүлүктүн мамиле кылуу тартиби;
- Бул органдын ишиндеги кыйынчылыктарды жана көйгөйлөрдү анализдөө, жана алардын пайда болуш себептерин түшүндүрүүгө аракет кылуу;
- Көрсөтүлгөн мезгилде ККАОнун Москвадагы элчилигинде кайсы маселе толук чечилген, кайсынысы жарым жартылай чечилип, кайсы маселе чечилбей калгандыгын көрсөтүп, жетишкендиктерин жана кемчиликтерин аныктоо;
- БАКнын Президиумунун алдындагы Кыргызстандын Москвадагы өкүлчүлүгү кызматындагы Турдалы Токбаевдин мамлекеттик ишмердүүлүгүн жана өмүр жолун изилдөө, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жана өлкөнүн саясий тарыхынын өнүгүшүнө өзүнүн кошкон салымын аныктоо.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы:** Бул иште алгачкылардан болуп илимий өндүрүштө жаңы архивдик материалдардын негизинде алгачкы жетекчи Т.Токбаевдин жетекчилиги менен БАКынын

Президиумуна караштуу Кыргызстандын Москвадагы өкүлчүлүгүнүн 1924-1927-жылдардагы ишмердүүлүгү изилденди.

**Диссертациянын коргоого алып чыккан жоболору:**

1) Москвадагы өкүлчүлүктүн ишмердүүлүгүнүн башкы маселеси жана негизги амалы борбордук союздук жана федеративдик органдардын, мекемелердин республикадагы тигил же бул иш-чараларды өткөрүүгө көмөк көрсөтүү, жана республика тарабынан пландалган мөөнөттө ага каражат бөлдүрүүгө жетишүү болгон.
2) БАКынын Президиумуна караштуу Кыргызстандын Москвадагы өкүлчүлүгү дипломатиялык орган болуп эсептелген эмес, андыктан, укуктук негизде бул термин бир эгемендүү мамлекеттен, башка эгемендүү мамлекетке акыркысы полномечилелүү өкүлчүлүк органы болушу керек. Бирок, белгилүү болгондой, өкүлчүлүк өзүнүн функциясын облус менен борбордун өз ара мамилелерин дипломатиялык мүнөздө аткарган.
3) Өкмөттүн өкүлчүлүгү көбүнчө улуттук автономиядан автономдуу республикага чейин РСФСРдин бир бөлүгү катары Кыргызстандын саясий жана укуктук статусун жогорулатууга түрткү берип, өз кезегинде 1936-жылы Кыргызстан союздук республика статусун алганга бирден бир шарт болуп берген.
4) Кыргызстандын Москвадагы өкүлчүлүгү респбубликага тиешелүү стратегиялык планда борбор тараптан маалыматтарды кабыл алууда, маселеллерди чечуудо озтаасирин тийгизүүгөмүмкүнчүлүгү жок болчу, бирок, республиканын кызыкчылыгы учун, ожор талаптары менен бул пландарды аткаруугажетишкенге аракет кылышкан.
5) Орто Азия республикаларынын мамлекетик-укуктук статусундагы айырмачылык регион ортосундагы өлкөлөрдүн союздук фонддорунун финансылык жардамды туура эмес бөлүштүрүүгө себеп болгон. Областтык автономия статусундагы субьектилер аз каражат алып калган абал республиканы олку-солку кырдаалга алып келген.
6) Кыргызстан географиялык шартындаМосквадан алыс болгон. Борбордук федеративдик жана союздук жардамдарды бөлүштүрүүдө РСФСР улуттук субьектилеринин ортосундагы атаандаштык чоң болгон. Республиканын өкүлчүлүгү зарыл убакта бул маселени өз убагында чечип турган.
7) Турдалы Токбаев БАКынын Президиумуна караштуу Кыргызстандын Москвадагы биринчи өкүлү катары, өзүнүн уюштурууччулук жөндөмү менен Республиканын кызыкчылыгынжогорку мекемелерге, Союздун жана федерациянын ведомстволорун жылдыруу боюнча өкүлчүлүктү негизги органга айландырган.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** автор тарабынан 1924-1927жж. БАКынын Президиумуна караштуу Кыргызстандын Москвадагы өкүлчүлүгүнүн ишмердүүлүгүнө тиешелүү жаңы архивдик

маалыматтаржана материалдар илимий негизде изилденип, корутундуланып, ишке ашырылды. Бул изилдоо Москвадагы өкүлчүлүктүн уюштурулушунунжалпы көрүнүшүн, анын ишмердүүлүгүн, структурасын, функциясын, өкүлчүлүктүн уюштуруу иштеринде кездешкен кыйынчылыктарды ачып берүүгө мүмкүнчүлүк тузот. Ошондой эле анын ишмердуулугундогу жетишкендиктер жана кемчиликтерди жана алгачкы өкүл Т.Токбаевдин Москвадагы улуттук-мамлекеттик өкүлчүлүгүн жетектөөдөгү ролун аныктап берди.

**Диссертациянын практикалык маанилүүлүгү:** ББАК Президиумуна караштуу өкүлчүлүк ишмердүүлүгүн союздук борбор менен автономдуу облустун ортосундагы өз ара мамилелерди негизги аспектиде карап чыгууга мүмкүнчүлүк түзөт.Негизгиси улуттук автономиянын эгемендүүлүк укугун аныктоо маселесинде жогорку советтик жетекчиликтин декларацияланган арызы улуттук маселеде фактылык жоболорго жооп берерин туура түшүнүү.

Диссертациянын корутундулары жана жоболору ата-мекендик тарых боюнча жыйынтыктоочу эмгектерди жазууда, ошондой эле кыргыз дипломатияларынын тарыхы боюнча атайын курсту иштеп чыгууда, ЖОЖдордун эл аралык жана тарых факультеттеринин студенттери үчүн кыргыз-орус мамилелеринин тарыхы учун пайдаланууга болот.

**Иштин апробациясы:** **“**Кара-Кыргыз автономдуу облусунун түзүлүшүнө 85-жыл” (Бишкек, 2010); “Кыргызстан дипломатиясы: пайда болушу жана өнүгүшү” (Бишкек 2013).аттуу илимий конференциялардан өттү.

**Диссертациянын жыйынтыгынын басылмаларда толук чагылдырылышы.** Диссертациянын негизги жоболору жана корутундулары 9 басылма КР УИА, Ж.Баласагын атындагы КУУ, И.Арабаев атындагы КМУ, КРСУнун илимий журналдарында, жыйнактарында, 2 макала индекстелгенРИНЦ жарык көрдү.

**Диссертациянын көлөмү жана структурасы:** Диссертация киришүүдөн, эки главадан, ар бир глава үч параграфтан жана корутунду, колдонулган адабияттардын тизмеси, жана шарттуу белгилердин тизмегинен турат. Библиография 221 аталыштан турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 164 бетти түзөт.

## ИЛИМИЙ ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

“**Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин (ББАК) Президиумуна караштуу Кара-Кыргыз Автономдуу Областынын (ККАО) Москвадагы өкүлчүлүгүнүн мекемеси 1924-1927жж**.” биринчи глава үч параграфтан турат.

***«РСФСРдин Борбордук Аткаруу Комитетинин (БАК) Президиумуна караштуу Кыргызстандын өкүлчүлүгүн түзүүгө тарыхый өбөлгөлөр”*** аттуу биринчи параграф Европанын, Азиянын, Африканын жана Американын ар кандай көз каранды өлкөлөрү жана

калктары курамында болгон Австро-Венгриянын, Осмон империясынын, Франциянын, Улуу Британиянын, Падышалык Россиянын жана Советтер Союзунун мисалында көз каранды өлкөлөрдүн жана калктардын өкүлчүлүк институтун жогорку мамлекеттик жана өкүлчүлүктүү органдарда болгонун кароого арналат. Ошондой эле мурунку Россия империясынын мейкиндигин жаңы принципте социалдык-саясий жана укуктук жактан кайра түзүү болуп эсептелген Советтер Союзунун тажрыйбасы каралып, изилденди.

Жалпысынан алганда жогорку мамлекеттик бийлик органдарындагы элдердин өкүлчүлүктөрү мамлекеттин улуттук саясатынын бир бөлүгү болуп эсептелет, ал дайыма татаал этникалык курамда болот жана ошол мамлекетте жашаган калктын жана религиялардын кызыкчылыктарын эске алуу менен мамлекетти жана коомду шайкеш өнүктүрүүгө багытталат. Бирок, тарых көрсөтүп келгендей, аталган державалардын мисалында айтылып жаткан жагдайлар чындыкка жакындабайт. Мисалы, жогорку өкүлчүлүктүү мекемелердеги элдердин жана өлкөлөрдүн өкүлчүлүктөрүнүн институттары Францияда, Австро-Венгрияда жана падышалык Россияда болгон, ал эми Осмон империясында жана Улуу Британияда мындай практика таптакыр болгон эмес.

Биринчи аталган үч мамлекетте эки палаталуу өкүлчүлүктүү органдар иштеген, ага көз каранды өлкөлөрдүн жана калктардын өкүлдөрү шайланган, ошондо да бул элдердин өкүлдөрүндө олуттуу диспропорция болгон, парламенттеги орундардын саны көз каранды өлкөлөрдүн жана региондордун санына туура келген эмес. Көпчүлүк орундар бийлик кылып турган улутка таандык болгон.

Негизинен эле, аталган өлкөлөрдөгү өкүлчүлүкүтүү мекемелердеги калктардын өкүлчүлүктөрү кагаз жүзүндө гана болуп, ошол эле көз каранды колониялар жана аймактар боюнча мамлекеттик саясатты иштеп чыгууда эч кандай олуттуу ролду ойногон эмес, анткени аталган элдин өкүлдөрү аз болуп, муну менен алардын саясий таасири да алсыз болгон. Масален, Туркестан үчүн Думада 13 делегат өкүлү берилген болсо, алардын алтысы гана ошол элдин түпкү улутунан болгон.

Ал эми Осмон империясы менен Улуу Британияда жагдай башкача болгон, Осмон империясында мындай институттар такыр эле болгон эмес, ал эми Улуу Британияда парламентте метрополия-өлкөсүнөн гана делегаттар көрсөтүлүшкөн.

Советтер Союзунун тажрыйбасы тарыхый жагынан алып караганда өзгөчө орунда, анткени улуттук саясаты - СССРдин БАКында жана РСФСРдин БАКында жогорку мамлекеттик органдарында өлкөнүн калкынын өкүлчүлүктөрүн тең деңгээлде түзүүгө багытталган, ошондой эле автономдук областтардан, республикалардан, крайлардан тартып союздук республикаларга чейин өзүнчө административдик жана мамлекеттик субъектилердин алкагында бардык калктын өз алдынчалыгынын белгилүү бир деңгээлине жетүүгө да багытталган. Советтик бийликтин жана компартиянын жүргүзгөн улуттук саясатынын

негизинде гана кыргыздар 15 жыл ичинде падыша убагындагы мамлекетсиздиктен союздук республикага чейинки жолду басып өттү. Албетте, бул жерде кыргыздын биринчи мамлекеттик ишмерлери - А. Сыдыковдун, Ю. Абдрахмановдун, И. Арабаевдин, И. Айдарбековдун, Т. Токбаевдин жана башкалардын ролдору жана эмгектери зор, булар кыргыз элинин өз мамлекетине жана келечектеги тарыхына ээ болуу укугун активдүү талашып келишкен жана жетишкен. Дал ушул себептен улам, Кыргызстан 1936-жылы союздук республика болду, жана Советтер Союзу кулаган соң, 1991-жылы эгемендүү мамлекет болууга мүмкүнчүлүк алды.

***«ББАК Президиумуна караштуу ККАО өкүлчүлүк мекемеси”*** экинчи параграфында ББАК Президиумуна караштуу Кыргызстандын туруктуу өкүлчүлүгүн түзүү иши түздөн-түз каралат, аны уюштурууга болгон өбөлгөлөр жана шарттар көрсөтүлөт.

Туркестандагы советтик бийликтин биринчи жылдары кыргыздар өзбектер, казактар, кара-калпактар менен бирге бирдиктүү автономиялуу мамлекетти – Туркестан АССРин (ТАССР) түзүп турган. Ошондогу ТАССРде жүргүзүлгөн бардык өзгөрүүлөр анда жашаган бардык элге тийиштүү болчу. Туркестан республикасы РСФСРдин бир бөлүгү катары ББАКта өзүнүн өкүлчүлүгү болгон. Ошентип Туркестан элдеринин өкүлдөрү РСФСРдин жогорку органында отурушкан.

1922-жылдан тартып кыргыздын партиялык жана советтик ишмерлери тарабынан ТАССРинин алкагында Кара-Кыргыз Тоолуу областын түзүүгө аракет жасалган. А.Сыдыков Кыргызстандын башка коомдук ишмерлери менен биргеликте кыргыздардын кызыкчылыктары экинчи планда калбастан, өзүнчө саясий бирдикти түзүү менен канааттандырылып турушуна аракет кылышкан. Бул башталыш ишке ашпай калган, бирок, бул аракеттер келечектеги автономдуу кыргыз областын түзүүнү баштап койгон, ошентип, 1924-жылы Орто Азиядагы улуттук-аймактык чектерди бөлгөндөн кийин Кыргыз автономдуу областы түзүлгөн.

ККАО түзүлүшү кыргыз элинин биригиши жана өнүгүшү үчүн негиз болуп, ал ээлеген аймактарына укуктарын бекитип алды. Андан ары Кыргызстан РСФСРдин курамындагы автономиялуу республика катары социализмди жана советтик коомчулукту курууну улантты. Федерациянын субъекти катары Кыргызстан Советтердин Бүткүл россиялык Борбордук Жогорку Аткаруу Комитетинде өкүлчүлүктү алууга укугу бар эле. Республика бул укукту чек араларды аныктоодон кийин дароо эле алды да, 1924-жылы ноябрь айында Москвада өзүнүн туруктуу өкүлчүлүгүн негиздөөгө киришти.

Кыргызстандын туруктуу өкүлчүлүгү Туркестан АССРинин мурунку өкүлчүлүгүнүн базасында түзүлгөн. Советтик областтык органдарга жана ЖБАКка караштуу болгон бул мекеменин башчылыгына Турдалы Токбаев дайындалган, ал Туркестандын мамлекеттик жана партиялык ишмери, А.Сыдыковдун жакынкы жолдошу болгон, Москвадагы өкүлчүлүктү жетектөө менен Кыргызстандын өнүгүшүнө өзүнүн зор салымын кошкон.

Бул өкүлчүлүк КАО Советтеринин облаткаруукомитетине жана ББАКтын Президиумуна да отчет берип турган. Бул мекеме автономиялуу областтын облаткаруу комитетинин тапшырмаларын жана РКПнын областтык партиялык комитетинин тапшырмаларын аткарган. 1925-жылдын октябрында КАОнун облаткаруукомитети Москвага туруктуу өкүлчүлүк ачуу жөнүндөгү жобону кабыл алды.

Автономиялуу субъект болгондон кийин ККАО мамлекеттик аппаратты кайрадан курушу, экономиканы, маданиятты өнүктүрүшү, жарандардын жашоо деңгээлин жогорулатышы керек эле, буга албетте ири финансылык салымдар, материалдык жана техникалык база, сабаттуу адистер керек болгон. Мунун баары тартыш болчу, ал эми зарыл жардамды жана колдоону федеративдик жана союздук мекемелерден гана алууга мүмкүн эле. Аталган мекемелер менен байланышта иштөө Т.Токбаев жетектеп турган ЖБАКка караштуу туруктуу өкүлчүлүккө тапшырылган.

***«Турдалы Токбаев – 1924-1927жж. ББАК Президиумуна караштуу Кыргызстандын (ККАО) биринчи өкүлү»*** үчүнчү параграфында кыргыз элинин көрүнүктүү мамлекеттик ишмеринин иши жана анын Москвадагы туруктуу өкүлчүлүктөгү кызматы каралат.

Көп убакыт Кыргызстандын башка мамлекеттик ишмерлери катары эле Т.Токбаевдин аты да илимий, адабий жана башка тармактардан алынып салынган. Өткөн кылымдын отузунчу жылдардын аягынан тартып 70-жылдардын ортосуна чейин ата мекендик тарыхый илимде жана публицистикада бул инсан жөнүндө айтууга болбойт эле. 70-жылдардан бери адабиятта жана мезгилдүү басылмаларда бул мамлекеттик ишмер жөнүндөгү биринчи макалалар пайда боло баштаган. Айкындуулук мезгилинен баштап, Т.Токбаевдин өмүр жолу жана ишмерлиги баяндалган, анын биздин өлкөбүздүн тарыхындагы ролу жөнүндөгү макалалар жарык көрө баштады.

Т.Токбаев советтик негиздеги кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүүнүн башында турган кыргыз советтик ишмерлеринин биринчи катарында турат. Ал чабандыктан баштап Москвадагы РСФСРдин жогорку органында республиканын өкүлчүлүгүнүн башчысына чейинки татаал жана мазмундуу эмгек жолун басып өткөн. Ал 1917-1924-жылдардагы революциялык окуяларга биринчилерден болуп туш болгон Туркестандын түп калкынын муундарына кирет.

1916-жылы Турдалы Токбаев падышалык армиянын аскер-тыл иштерине тартылып, ал жакта 1917-жылдын августуна чейин болгон. Андан соң мекенине кайтып келип, компартиянын катарына кирип, жаңы жашоо үчүн күрөшүп баштаган, ар кандай өзгөчө кырдаалдагы органдардын жана комиссияларга мүчө болгон. Жаңы бийликтегилердин алдында кадыр-баркка ээ болуп, уезддик советтик жана партиялык жетекчилердин орун басары жана жардамчысы болуп иштеп, карьерасы өсөт. 1924-жылы Токбаев Туркестандын Эл агартуусунун орун басары жана жалпы туркестандык масштабдагы жетекчи болуп дайындалат.

ККАО түзүлгөндөн кийин Т.Токбаев областтын Ревкомунун мүчөсү болуп, эки ай элдик билим берүү бөлүмүн башкарат. 1924-жылдын декабрында эле аны Москвадагы ББАК Президиумуна караштуу өкүлчүлүккө дайындашат. Ага олуттуу маселелерди чечүү тапшырылат. Биринчи кезекте жаңы мекемени уюштуруу менен артыкчылыктуу маселелерди бекитүү, штатты алуу керек эле жана өкүлчүлүктүн башка негизги маселелерин чечүү зарыл болчу. Токбаев бул маселелер менен 1925-жылдын күзүнө чейин алектенет, ара жолдо республикага олуттуу болгон башка маселелерди чечип, республикада экономикалык, социалдык жана маданий реформаларды жүргүзүү үчүн борбордук органдардан финансылык, материалдык жана башка жардамдарды алган.

Токбаев маданият, агартуу маселелерине көп көңүл бөлгөн, республикадагы эстеликтерди (Бурана, Өзгөндөгү мавзолей) сактап калуу иш-чараларын өткөрүүгө каражаттарды бөлүп алууга жетишкен, республикадагы илимий мекемелерди, музейлерди уюштурууга умтулган. Ошондой эле кыргыз адабияттарын кыргыз тилинде чыгарууга да күч-аракетин жумшаган.

Т.Токбаев академик В.В.Бартольд менен кыргыздардын тарыхын жазуу тууралуу бетме-бет сүйлөшкөнү бар. Россияда окуган кыргыз студенттерине көп убакыт жардам берип турган, бул жагдай кийин салтка айланып калган. [100, С.186].

1926-жылдын октябрында КАО облаткаруу комитети Т.Токбаевди Москвадан чакыртып алды. Республикага келиши менен аны областтык элдик билим берүү бөлүмүнүн башчысы кылып дайындашты. 1934-жылдан тартып ага саясий куугунтук башталган, кызматтарынан бошотуп райондорго катардагы иштерге жөнөтүшөт, ал жактарда МТСтин начальниги болуп иштейт, төмөнкү деңгээлдеги саясий партиялык ишти жүргүзөт. 30-жылдардын аягында камалып, атылып кетет.

«***1924-1927жж. ББАК Президиумуна караштуу ККАОнун туруктууөкүлчүлүгүнүн ишмерлиги***» экинчи глава үч параграфтан турат.

***«Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүгө өкүлчүлүктүн кошкон салымы»*** биринчи параграфында чарбаны көтөрүүгө, жаңы өнөр жай объектилерин курууга, башкаруу аппаратын түзүүгө багытталган өкүлчүлүктүн республиканын чарбалык, экономикалык жана башка иш-чараларын жүргүзүүдөгү ишмерлиги каралат.

Чек аралар аныкталгандан кийин Орто Азиянын бардык жаңы түзүлгөн республикаларынан Кыргызстан экономикалык жактан эң алсыз мамлекет болуп калды, анткени ири экономикалык ишканалар жана чарбалык бирикмелер Өзбекстан менен Казакстандын аймактарында калып калды. Пахта өндүрүү жана көмүр казуу сыктуу тармактар Өзбекстандын ишканалары менен тыгыз байланышта эле. ККАОдо финансылык жана техникалык каражаттар абдан тартыш болуп турду. Башкаруучулук кадрлар боюнча да ушундай эле көрүнүш эле. Көптөгөн чарбалык бөлүмдөрдүн жана мекемелердин (областтык финансылык бөлүм) штаттары толукталган эмес эле.

Москвадагы негизделген туруктуу өкүлчүлүк мындай жагдайда каражаттардын, кадрлардын жана материалдык-техникалык базанын тартыштыгына байланыштуу маселелерди чечиши керек эле. Аталган маселелерди чечүүдөн жаңы советтик мамлекет бутуна туруп кетери көз каранды болчу.

Өкүлчүлүк борбордук мекемелер: СНК, СТО, Наркомфин, Госплан жана башка бир катар финансылык жана чарбалык мекемелер менен катуу ишти жүргүзүп жатты. Туруктуу өкүлчүлүк өз ишинде көптөгөн ар кандай тоскоолдуктарга туш болду. Мекемелерге бекитүү үчүн кайрылууларды, арыздарды бир нече жолу кайталап берүүгө мажбур болду.Таптакыр бекитпей койгон учурлар да болду. Буга карабастан, өкүлчүлүк кадам сайын бюрократиялык бөгөттөрдү жеңүү менен борбордук мекемелерден республикадагы тигил же бул иш-чараларды жана долбоорлорду ишке ашырууга макулдук алып турду.

Туруктуу өкүлчүлүк айыл чарба тармактарын (талаачылык, кой багуу, пахта өндүрүү, кызылча эгүү) калыбына келтирүү үчүн, кооперацияны өнүктүрүүгө, бир катар иштетүүчү өнөр жай объектилерин түзүү үчүн маанилүү каражаттарды бөлүп алууга жетишти. Жолдорду курууга каражаттар алынды, Россиядан адистерди республикага иштетүү макулдугу менен бир катар областтык бөлүмдөрдө штаттар түзүлдү.

***«Туруктуу өкүлчүлүктүн саясий, административдик жана социалдык маселелерди чечүүсү»*** экинчи параграфында өкүлчүлүктүн аталган маселелерди чечүүдөгү ишмерлиги баяндалат. Тактап айтканда, чек аралар аныкталгандан кийин республикада саясий, административдик жана социалдык мүнөздөгү бир катар маселелер жаралды.

1925-жылдын мартында өткөрүлгөн ККАОнун Советтеринин биринчи Негиздөөчү съездинде областтын статусун автономиялуу республикага чейин көтөрүү жана кыргыздарга түпкү– кыргыздар атын берүү жөнүндө токтом кабыл алынды[1]. Бул маселенин саясий чечими ББАКка көз каранды эле, ошондуктан туруктуу өкүлчүлүк бул маселени ошол жакта Москвада чечүүсү керек эле. Бул маселе ККАОну – КАОго өзгөртүү менен жарым-жартылай эле чечилген эле, анткени өкүлчүлүк РСФСРдин жогорку органынын автономдуу республика статусун берүү жөнүндөгү чечимине таасир бере алган эмес. Ошентсе да Орто Азиянын республикаларынын жана областтарынын административдик чек араларын белгилөөдө маселелерин чечип алууга жетишти. Туруктуу өкүлчүлүк өзгөчө комиссиялардын отурумдарында КАОго өзүнүн аймагын сактап калуусуна жетише алган.

Ошондой эле туруктуу өкүлчүлүк мурунку ТАССРдин мүлкүн бөлүштүрүүдө республиканын кызыкчылыктарын коргоп кала алган. Анда Кыргызстанга эң аз болжол менен бардык мүлктүн 10-15% үлүшү берилген, ошентсе да ушул үлүштү да талашып алуу керек эле. Бул үлүштө нефти сактоочу жайлар, асылдандыруу талаалары жана финансы каражаттары бар болчу.

---

[1]Ошол мезгилдеги туура жазуу эрежелерине ылайык (эскерт. – Т.Р.).

Ошол мезгилде Чехословакиялык «Интергельпо» кооперативинин келишине жана жайланышуусуна байланыштуу маселелер жаралган, борбор аны Кыргызстанга киргизүүгө уруксат берген, бирок аны колдоого каражаттарды бөлгөн эмес. Бул маселе менен туруктуу өкүлчүлүк алектенип, борбордук мекемелерден жардам алган.

Ошол мезгилде республиканын ар кандай мекемелеринин жумушчуларына эмгек акыларына карыз бар болчу, туруктуу өкүлчүлүк муну да чечүүсү керек эле. Ошондой эле облпрокуратуранын жана веткөзөмөлдүн штаттарын кеңейтүү талап кылынып жаткан. Өкүлчүлүк мындан тышкары басмачылыктан жана түшүмдүн болбой калышынан жабыркагандарга төлөм берүүгө каражаттарды да издеген.

***«Кыргызстандын илимин жана маданиятын өнүктүрүүгө өкүлчүлүктүн кошкон салымы»*** үчүнчү параграфында аталган маселелерди чечүү үчүн туруктуу өкүлчүлүк жүргүзгөн иш-чаралар каралат. Кыргызстандын маданиятынын өнүгүшү падышалык россиядан бери жана ТАССРинин мезгилинде Орто Азиянын башка элдери менен бирге эле жүргүзүлүп келгени белгилүү, башкача айтканда, крайды изилдөөгө жана элдик билим берүү мекемелеринин тармактарын өнүктүрүүгө байланышкан окшош иш-чаралар жүргүзүлүп келген. Чек аралар бөлүнгөн соң өзүнчө өлкө болгон – Кара-Кыргыз автономиялуу областтын илимий жана маданий тармактарын өнүктүрүү маселеси коюлган.

Биринчиден, республикада эл чарбасын андан ары өнүктүрүү үчүн анын жаратылыш-өндүрүүчүлүк күчтөрүн илимий жактан изилдөө талап кылынган, бул ишти СССРдин Илимдер академиясы сыяктуу илимий мекеме гана аткара алмак. Т.Токбаев республиканын байлыктарын изилдөөгө бир катар экспедицияларды жүргүзүү суранычы менен СССРдин Илимдер Академиясына кайрылган. Мунун жыйынтыгында 1928-жылдан баштап илимий иш-чаралар жүргүзүлө баштаган.

Республикада бир катар музейлерге жардам керек болгон, край таануу коомчулугун түзүү пландалып жаткан, бул үчүн туруктуу өкүлчүлүк Москванын жана РСФСРдин башка шаарларынынар кандай илимий мекемелерине кайрылган.

Өкүлчүлүк Кыргызстандын Россия жана СССРдеги калктар менен маданият жаатындагы байланыштарын өнүктүргөн. Республикадагы баалуу экспонаттарды топтоп көргөзмөгө катышууга даярданган. Ошондой эле Москвадан жана РСФСРдин башка шаарларынан республикага келүүгө каалоосу бар артисттерге, окумуштууларга, туристтерге, студенттерге жана мектеп окуучуларына жардам көрсөтүүгө аракет кылган. Ошондой эле туруктуу өкүлчүлүк өлкөдөгү бир катар тарыхый эстеликтерди сактап калуу үчүн Орто Азиялык музейлер жана тарыхый эстеликтерди коргоо, исскуство жана жаратылыш иштери боюнча комитетине каражат бөлүп берүүнү суранып кайрылган.

Ошондой эле туруктуу өкүлчүлүктүн алдында республиканын калкын кыргыз, өзбек жана орус тилдериндеги чарбалык жана техникалык

адабият менен камсыздоо маселеси турган. Бул маселеде да ал белгилүү бир натыйжаларга жетише алган. Туруктуу өкүлчүлүктүн күч-аракети менен В.В.Бартольддун авторлугу менен кыргыздардын тарыхы жөнүндөгү китеп чыгарылган, Маркс менен Лениндин чыгармалары кыргыз тилине которулган. Ошол эле мезгилде өкүлчүлүк республикада китеп чыгарууну өнүктүрүү иг-чараларын пландаган.

Туруктуу өкүлчүлүк Кыргызстандын Россия жана СССРдеги калктар менен маданият жаатындагы байланыштарын өнүктүрүү иштерин да жүргүзгөн, республикадагы баалуу экспонаттарды топтоп көргөзмөгө катышууга даярданган. Ошондой эле Москвадан жана РСФСРдин башка шаарларынан республикага келүүгө каалоосу бар артисттерге, окумуштууларга, туристтерге, студенттерге жана мектеп окуучуларына жардам көрсөтүүгө аракет кылган. Туруктуу өкүлчүлүк республиканын шаарларында Россиядан келген театралдык жамааттардын оюндарын көрсөтүүнү уюштурууну бир нече жолу демилгелеп чыккан. Туруктуу өкүлчүлүккө кинодокументалисттер да республикадагы ат оюндарын тартып алууну уюштурууга жардам берүүсүн суранып кайрылышкан.

**Корутунду:**

•Кыргызстан РСФСРдин автономиялуу областы болуп, РСФСРдин жогорку органында – ББАКта өз өкүлчүлүгүн уюштурууга укук алган.

•ББАКка караштуу туруктуу өкүлчүлүк юридикалык жагынан дипломатиялык мекеме болгон эмес, ал федерациянын жогорку мамлекеттик органындагы улуттук субъектинин өкүлчүлүгүнүн тарыхый жаңы тиби болгон.

•Москвадагы ККАО өкүлчүлүгү Советтер облаткаруу комитети жана Кыргызстандын РКП обкомунун койгон тапшырмаларын аткарып турган, ошол эле учурда ал республиканын жетекчилигине жана ББАКтын Президиумуна да отчет берип турган.

•Облаткаруукомитетинин ар бир бөлүмү борбордук тийиштүү наркоматтар (Госплан, Наркомфин) менен байланышта болсо да, өкүлчүлүк ККАОнун Советтеринин облаткаруукомитети менен РСФСРдин ББАКынын ортосундагы байланыштырып турган звено болгон.

•Өкүлчүлүктүн ишмерлиги республика тарабынан борбордук органдардан саясий жана финансылык колдоону алуу боюнча кыргыз республикасынын жетекчилигинин чечимдерин коштоп турууга жана СССР, РСФСР жана КАО-КАССР жетекчиликтеринин ортосундагы кайра байланышты камсыздап турууга багытталган.

•Өкүлчүлүктүн ишмерлиги республикада чарбанын жана өнөр жайдын көтөрүлүшүнө, илимдин жана маданияттын өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн, бул Кыргызстандын автономиялуу областтан автономиялуу жана кийинчерээк союздук республикага айланып түзүлүшүнө чоң түрткү болгон.

•Өкүлчүлүк республиканын өнүгүүсүнө мындан маңыздуу салым кошмок, бирок саясий жана материалдык жагынан мүмкүнчүлүгү чектелген болчу.

•Турдалы Токбаев өкүлчүлүктүн биринчи башчысы катары Москвадагы туруктуу кыргыз өкүлчүлүгүнүн ишин уюштурууда өзүнүн иш милдеттерин аткаруу менен чоң ролду ойногон.

**Практикалык сунуштар:**

1) Кыргызстандын Москвадагы өкүлчүлүгү темасын ар кайсы учурдагы өкүлчүлүк ишмердүүлүгү менен салыштыруу аркылуу мындан ары изилдөөнү улантуу керек.
2) ЖОЖдор үчүн Кыргызстандын тарыхы боюнча окуу китептериндереспубликанын өкүлчүлүгүн түзүүнүн жана ишмердүүлүгүнүн негизги учурларын чагылдыруу зарыл, анда Кыргыз дипломатиялык кызматынын негиздөөнүн башында турган, биринчи жетекчи катары Турдалы Токбаевдин сиңирген эмгегин көрсөтүү керек.
3) Республиканын БАКка караштуу өкүлчүлүгүн, Ташкенттеги экономикалык өкүлчүлүктүн, ошондой эле СНКда жана СССРдин Министрлер кеңешине караштуу Кыргызстандын өкүлчүлүгүн изилдөөгө арналган документтер жана макалалар жыйнагын басып чыгаруу максатка ылайык болмок.
4) РСФСР жана СССР жогорку органдарында республиканын атынан иштеген Кыргызстандын бардык мамлекеттик ишмерлеринин өмүр-жолуна жана ишмерлигине арналган илимий конференцияны уюштуруу кызыктуу жана актуалдуу болмок.
5) Кыргыз Республикасынын ЕАЭБге кирүү учурунда мурунку РСФСРдин жана СССРдин жогорку органдарындагы Украинанын, Белоруссиянын, Орто Азиянын жана Кавказдын республикаларынын өкүлчүлүктөрүнө арналган эл аралык илимий конференцияны КМШ, ОДКБ жана ЕАЭБ деңгээлинде уюштуруу актуалдуу болмок.

**Диссертациянын негизги мазмунуна төмөндөгү авторлордун эмгектери киргизилди.**

1) Рыскулов Т.А. ТурдалыТокбаев – первый постоянный представитель ККАО и Киргизской АССР при Президиуме ВЦИК (1925-1926 гг.) [Текст] / Т.Рыскулов // Вопросы истории Кыргызстана (НАН КР). – Бишкек, 2012 год. - № 4. – С.63-68.
2) Рыскулов Т.А. Представительство Кыргызстана в Москве при Президиуме ВЦИК РСФСР в 1924-1927 гг. [Текст] / Т.Рыскулов // Вопросы истории Кыргызстана (НАН КР). – Бишкек, 2013 год. - № 1-2. – С.34-37.
3) Рыскулов Т.А. Деятельность представительства Киргизской автономной области в развитии науки и культуры советского Кыргызстана в 1924-1926 гг. [Текст] / Т.Рыскулов // Вестник КГУ имени И. Арабаева. - Бишкек, 2012 год. - № 3. – С.183-186.

4) Рыскулов Т.А. ТурдалыТокбаев – государственный и партийный деятель Кыргызстана [Текст] / Т.Рыскулов // Вестник КГУ имени И. Арабаева. - Бишкек, 2013 год. - № 1. – С.134-136.
5) Рыскулов Т.А. ТурдалыТокбаев – выдающийся государственный деятель Кыргызстана [Текст] / Т.Рыскулов // Вестник КНУ имени Ж. Баласагына. - Бишкек, 2013 год. - Выпуск № 1. – С.195-201.
6) Рыскулов Т.А. Деятельность представительства ККАО в Москве (1924-1927 гг.) [Текст] / Т.Рыскулов // Вестник КНУ имени Ж. Баласагына. - Бишкек, 2013 год. – Выпуск № 4. – С.213-216.
7) Рыскулов Т.А. Представительство Кыргызстана в Москве при Президиуме ВЦИК в 1924-1927 гг. [Текст] / Т.Рыскулов // Вестник КРСУ имени Б.Н. Ельцина. - Бишкек, 2014 год. – Том 14.- № 9. – С.71-73.
8) Рыскулов Т.А. Представительство Кара-Киргизской автономной области в Москве при Президиуме ЦИК РСФСР в 1924-1927 гг. [Текст] / Т.Рыскулов // Новая наука: Современное состояние и пути развития: сборник статей Международной научно-практической конференции (09 сентября 2015 г., г. Стерлитамак, РФ). – Стерлитамак, 2015 год. – С.56-59.
9) Рыскулов Т.А. Институт представительства стран и народов в высших законодательно-представительных органах Австро-Венгрии, Франции, Российской империи и Советского Союза. [Текст] / Т.Рыскулов // Новая наука: Современное состояние и пути развития: сборник статей Международно-практической конференции (09 сентября 2015 г., г. Стерлитамак, РФ.). – Стерлитамак, 2015 год. - С.59-63.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Рыскулова Тимура Азизбековича на тему: «Представительство Кыргызстана в Москве при Президиуме ЦИК РСФСР в 1924-1927 гг.» на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02. – Отечественная история.**

***Ключевые слова***: Кыргызстан, постпредство, РСФСР, ВЦИК, ККАО, КАО, Киргизская АССР, облисполком, обком РКП (б), ревком, Т.Токбаев.

**Цель исследования** – комплексный анализ деятельности представительства Кыргызстана в Москве при Президиуме ВЦИК в 1924-1927 гг.

**Объект исследования** – представительство Кыргызстана в Москве при Президиуме ЦИК РСФСР в 1924-1927 гг.

**Предмет исследования** - история учреждения и деятельности полномочного представительства Кыргызстана в Москве при Президиуме ВЦИК в 1924 – 1927 гг., а также политический портрет Т.Токбаева.

**Методологическую основу исследования** составили принципы научного историзма и объективизма. Также автором диссертации применялись сравнительно-сопоставительный, биографический, статистические, политологические и иные частно-научные методы.

**Научная новизна диссертации**. Данная работа призвана изучить историю создания и деятельности представительства Кыргызстана при Президиуме ВЦИК в период с 1924 по 1927 годы, а также показать деятельность ТурдалыТокбаева в должности постпреда. Вводимые автором в научный оборот новые сведения и факты, полученные из неисследованных ранее архивных документов и материалов, позволяют достаточно полно и объективно изучить данную тематику, расширить и углубить наши познания об указанном периоде времени в отечественной истории.

**Степень использования материалов диссертации**. Основные материалы, положения и выводы данной работы могут быть использованы при изучении истории кыргызского постпредства при Президиуме ВЦИК в 1924-1927 гг.

**Область применения результатов исследования**. Результаты работы могут быть применены при изучении истории Кыргызстана, истории дипломатических отношений, кыргызско-российских отношений. Также материалы анализа и выводы исследования могут быть включены в учебно-методические пособия и курс лекций по истории Кыргызстана.

**Объем и структура диссертационной работы**. Диссертация состоит из введения, 2-х глав, заключения, практических предложений, списка литературы и перечня условных обозначений. Объем диссертации составляет 164 стр. Библиография состоит из 221 наименования.

**РЕЗЮМЕ**

**Рыскулов Тимур Азизбековичтин 07.00.02. – ата мекендин тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө “1924-1927-ж.ж. Москвадагы РСФСР БАК Президиумунун алдындагы Кыргызстандын Туруктуу өкүлчүлүгү” темасындагы диссертациясына**

***Түйүндүү сөздөр***: Кыргызстан, туруктуу өкүлчүлүк, ВЦИК, КАО, облаткком, РКП (б)обкому, ТурдалыТокбаев.

**Изилдөөнүн максаты** – 1924-1927-ж.ж. Москвадагы РСФСР БАК Президиумунун алдындагы Кыргызстандын Туруктуу өкүлчүлүгүнүн ишин жана анын биринчи жетекчиси Т. Токбаевдин инсандыгын изилдөө.

**Изилдөөнүн объекти** – 1924-1927-ж.ж. Москвадагы РСФСР БАК Президиумунун алдындагы Кыргызстандын Туруктуу.

**Изилдөөнүн предмети** – 1924-1927-ж.ж. Москвадагы РСФСР БАК Президиумунун алдындагы Кыргызстандын Туруктуу өкүлчүлүгүн уюштуруунун жана ишмердигинин тарыхы, ошондой эле Т. Токбаевдин саясий бейнеси.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** илимий историзм жана обьективизм түздү. Ошондой эле автор тарабынан салыштырмалуу, биографиялык, статистикалык, политологиялык жана башка жеке-илимий методдор колдонулду.

**Диссертациянын илимий жаңычылдыгы**. Бул иш 1924-1927-ж.ж. Москвадагы РСФСР БАК Президиумунун алдындагы Кыргызстандын Туруктуу өкүлчүлүгүнүн түзүлүүсүнүн тарыхын, ошондой Т. Токбаевдин туруктуу өкүл кызматындагы ишинин көрсөткүчтөрүн изилдөөгө арналган. Автор тарабынан илимий жүгүртүүгө киргизилген жаңы маалыматтар жана мурда изилденбеген архивдик документтерден жана материалдардан алынган фактылар бул теманы толук жана обьективдүү изилдөөгө шарт түзөт, ата мекендин тарыхындагы бул мезгил тууралуу билимдерди тереңдетүүгө жана кеңейтүүгө өбөлгө болот.

**Диссертациянын материалдарын пайдалануунун деңгээли**. Бул иштин негизги материалдарын, жоболорун жана тыянактарын 1924-1927-ж.ж. Москвадагы РСФСР БАК Президиумунун алдындагы Кыргызстандын Туруктуу өкүлчүлүгүнүн тарыхын үйрөнүүдө колдонууга болот.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонуу жааттары**. Изилдөөнүн жыйынтыктарын РСФСР БАК Президиумунун алдындагы Кыргызстандын Туруктуу өкүлчүлүгүнүн тарыхын, тарыхы дипломатиялык мамилелерди, кыргыз-россиялык мамилелер үйрөнүүдө колдонууга болот. Ошондой эле талдоонун материалдарын жана изилдөөнүн тыянактарын Кыргызстандын тарыхы боюнча окуу-методикалык пособиеге жана лекциялардын курсуна киргизүүгө болот.

**Диссертациялык иштин көлөмү жана түзүмү**. Диссертация киришүүдөн, 2 главадан, корутундудан, практикалык сунуштардан, адабияттардын тизмесинен жана шарттуу белгилердин тизмегинен турат. Диссертациянын көлөмү 164 барак. Библиография 221 аталыштан турат.

**REZUME**

**Ryskulov Timur Azizbekovich's**
**dissertation on "Permanent Mission of Kyrgyzstan in Moscow at the Presidium of All-Russian Central Executive Committee in 1924-1927 years" for the degree of candidate of historical sciences, specialty 07.00.02. Homeland history**

***Keywords:*** Kyrgyzstan, permanent mission, All-Russian Central Executive Committee, Kyrgyz autonomous region, Regional Executive committee, Revolutionary committee, regional committee of RCP of (B),TurdalyTokbayev.

**Aim of research** – complex analysis of the activities of permanent mission in Moscow in 1924-1927 years.

**The object of research** – Kyrgyzstan's permanent mission at the Presidium of All-Russian Central Executive Committee in Moscow in 1924-1927 years

**The subject of research** – the history of organization and activities of Kyrgyzstan's permanent mission at the Presidium of All-Russian Central Executive Committee in Moscow in 1924-1927 years.

**The methodological bases of the research** were the principles of historicism and objectivity. Also author used comparative, biographic, statistic, politological and other private-scientific methods.

**Scientific novelty**.This workaims toexplorethe history ofthe establishmentand operation ofrepresentative officesof Kyrgyzstanat the Presidium ofthe Central Executive Committeeof Kyrgyzstanin the periodfrom 1924to 1927years, and alsoshowactivityTurdalyTokbaevas first chief ofpermanent representativeoffice. Introducedby the authorin the scientific revolutionnew informationandfacts obtainedfrom thepreviouslyunexploredarchival documents andmaterials toadequatelyandobjectivelyexaminethis subject, to broaden and deepenour knowledgeabout the specifiedperiodof time in thecountry's history.

**The level of use of the thesis work materials**. Basic materialsand findingsof this studycan be usedin studying the historyof the KyrgyzPermanent Missionof the Presidium ofthe Central Executive Committeein1924-1927years.

**Sphere application of the research results.** The results canbe appliedin the study ofthe history of thePermanent Missionof Kyrgyzstan at the Presidium of the Central Executive Committee, history of the diplomacy, and Kyrgyz-Russian relationships.Also,materialsanalysis andconclusions of the studycan be includedin thetraining manualsandlectures on the historyof Kyrgyzstan.

**Volume and structure of the thesis.**The thesis consistsof an introduction,2chapters, conclusion,practical suggestions, bibliography and a listof symbols.The volume ofthe thesisis 164 pages. The bibliographyincludes221references.